КЫРГЫЗ ТИЛИ 7-КЛАСС ВАРИАНТ № 1

Аты-жөнү: _____

2020

№ 1. Таандык мүчө уланган сөздү белгилеңиз.
а) китепке **б)** китептер
в) китебим **г)** китепти

№ 2. Тууранды сөздөрдүн сүйлөмдөгү милдетин белгилеңиз.
а) аныктоочтук **б)** баш жана айкындоочтук
в) баяндоочтук **г)** ээлик

№ 3. Фразеологизмдин маанисин белгилеңиз. ***Биттин ичегисине кан куйган.***
а) тынчы жок **б)** тың
в) ачуулуу **г)** кичинекей

№ 4. Көп чекиттин ордуна келүүчү сөздү белгилеңиз. ***Биз төмөндө … түзүп, кол коюучулар:***
а) арыз **б)** буйрук
в) программа **г)** акт

№ 5. Берилген тактооч сөзү жасалган сөз түркүмдү белгилеңиз: **күздөй**
а) тактооч **б)** сын атооч
в) зат атооч **г)** этиш

№ 6. Татаал сөздөрдүн негизги тобун белгилеңиз.
а) атоочтук, чакчыл түрмөктөр
б) эки, үч сөздөн турган сөздөр
в) кош, бириккен сөздөр
г) кош, кошмок, кыскартылган, бириккен сөздөр

№ 7. Ой жүгүртүү текстин түзүүдөгү тил каражаттарын белгилеңиз.
а) мисалдар, корутундулар **б)** сүйлөмдөр, абзацтар
в) мисалдар
г) тезис, негиздөө, мисалдар, корутундулар

№ 8. Алды сызылган сөздөрдүн кайталанышы:
Ар үйдө ак сакалдуу кары <u>болсо,</u>
Балпайган байбичеси дагы <u>болсо.</u>
а) маанилик
б) удаалаш
в) орунсуз
г) орундуу, себеби ойду тереңдетүүдө

№ 9. Жактама ат атооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.
а) Мага жардам бериңизчи! **б)** Кимдир бирөөнүн карааны көрүндү.
в) Бул ишти өзүбүз бүтүрөбүз. **г)** Ушул мүнөзүң такыр жакпайт.

№ 10. Таңгыч ат атооч катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.
а) А, сен ушул жөнүндө кыял чаргытып көрдүң беле?
б) Аны катардагы айылдык бир мугалим бүт дүйнөгө таанытты.
в) Ал анда-санда гана көл тарапты өтө кызыгып карап коет.
г) Мурда Павлыш кичинекей, эч ким элес албаган элет мектеби эле.